# Коомдолгон таштар



Автор: Бакытбек Джунусалиев

Сүрөтчү: Эмилия Алахунова

# Коoздолгон таштар

Автор: Бакытбек Джунусалиев
Сүрөтчү: Эмилия Алахунова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Коздолгон таштар" (кыргыз тилинде), автор Бакытбек Джунусалиев, сүрөтчү Эмилия Алахунова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Айканыш шаарда окуйт. Каникулда чоң энесиникине айылга келип турат. Байкесинин өзү менен тең баласы бар. Экөө бир нерселерди жасап ойногонду жакшы көрүшөт.

Бул жылы да Айканыш жайкы каникулга айылга келди. Эки күн бою Тилек менен жакшы ойноду. Үчүнчү күнү чоң энеси аларды чакырып алды.

– Жөн эле чуркап ойноп жүрө бербей, пайдалуу иш кылгыла. Короодогу таштарды көчөгө ташып чыгарып койгула. Бат эле бүтөсүңөр. Абайлагыла, бир жериңерди оорутуп албагыла, – деди чоң эне.

Айканыш менен Тилек таштарды чогултуп башташты.

– Карасаң, Тилек, бул таш балыкка окшош экен, – деди Айканыш бирөөсүн колуна алып.

– Чын эле окшош экен. Болгону, капталына канатчаларын тартып койсо, балыктын эле өзү болуп калат го, – деди Тилек таң кала.

– Бул таштын баш жагы кичинекей, бир жагы чоң... эмне бар эле... Эл кайда көчөт, мына ошого окшош экен.

– Ал кызыл болот да, бул таш көк экен, – деди Тилек. – Бирок боёп койсо, окшошуп калмак.

– Сонун идея! Кел, андан көрө, бул таштарды жакшылап жууп, боёп коёбуз? Мен сүрөтчүлөрдүн кээ бирөөлөрү ташка сүрөт тартса, кээ бирөөлөрү майда таш менен сүрөт түшүрөт деп окугам. Экөөбүз да ошентип ташты боёп, сүрөт тартып көрбөйлүбү.

– Чын эле. Азыр барып боёкторумду алып келе калайын, – деди Тилек.

– Биринчи таштарды бактын арасына көлөкө жерге ташып алып, ошол жерден жууп туруп, сүрөт тарталы.

Ошентип экөө чакан таштарды бат эле бактын ичине ташып коюшту. Суу алып келип, таштарды улам бирин жууп жатышты.





Ошол эле учурда кайсы таш эмнеге окшош экенин, аларды кандай кылып боёш керектигин ойлонушту.

Жуулган таштар күндүн ысыгына бат эле кургап калды.

– Мен мындан баштайын, – деп Айканыш бир ташты алды. – Алгач кызыл менен боёюн да, кара түс менен башын, анан үстүнө кара чекиттерди белгилеп коём.

– Макул, мен бул жалпак ташты алып, башын, канатчаларын тартайын. Формасы балыктын эле өзү экен, – деди Тилек. Айканыштын эл кайда көчөтү да, Тилектин балыгы да жакшы боёлуп, так өзүндөй болуп калды. Андан кийин алар улам бир ташты алып, эмнеге окшош экенин аныктап, ошого жараша боёшту. Бир топ убакыттан кийин, чоң таштардан үстү ачык күрөң түскө, алды ак түскө боёлгон эки чоң козу карын пайда болду.

Андан соң, кызылга боёлуп, ак чекиттер тартылган үч кичинекей козу карын, бир чоң жана эки кичинекей эл кайда көчөт, орточо эки балык, бир кичине, эки чоң бал аарысын тартышты. Бал аарысын дагы эл кайда көчөттөй кылып, алгач таштарды сары менен боёп алышты. Андан кийин кара сызыктар менен шакекче түрүндө сызып, көзүн, ооздорун окшоштурушту.

Тилек болсо жалпак сүйрү таштарды чогултуп, жашыл менен боёп чыкты. Анан ак боёк менен “х” тамгасындай кылып башынан аягына чейин тилке-тилке кылып ийнесин тартып чыкты эле, кадимки кактуска окшошуп калды.

Короого барып, эки бош гүл чакаларын таап келди. Айканыш экөө ичине топурактан толтуруп, ага таш кактустарды тикесинен сайып коюшту.





– Сонун болду! Бактын ичине эле коюп койсок кандай болот? – деди Тилек.

– Козу карындарды ачык жерге, аарыларды гүлдөрдүн жанына, эл кайда көчөттөрдү бактардын түбүнө коюп коёлу.

– Кактустарды терезедеги гүлдөрдүн жанына коёлу, окшошуп калат. Ал эми балыктарды болсо, кичинекей арыктын жээгине тизели. Суунун ичине салып койсок, боёгу жуулуп калат.

Ошентип алар боёлгон таштардын баарын бак ичине жайгаштырып чыгышты. Айлана бир топ көркүнө келе түштү.

– Мына, өнөрдүн баары силерде катылып жаткан турбайбы. Азаматсыңар! – деди чоң энеси кубанып.

– Айканыш мага көп нерсени үйрөттү. Мектепке барганда көркөм өнөр сабагынан таштарга сүрөт тарталы деп айтам, – деп Тилек кубанганын жашырбады.

– Чай ичип алып дагы бир жумуш калды, ошого жардам берип койгула.

Кампада бош желим бөтөлкөлөр көбөйүп кетти. Жертөлөгө киргизип койгула, – деди чоң энеси.

Айканыш менен Тилек бири-бирин карап, экөө тең күлүп жиберишти.

– Аларды дагы боёйбузбу? – деди Тилек Айканыштын оюн тапкандай.

– Желим бөтөлкөдөн пил, пингвин, торопой, ал тургай, гүлдү жасаса болот, – деп Айканыш санап кирди.

– Анда дүкөндөн да боёк сатып алыш керек. Кайчы, супер клей да керек. Анткени биз кесип, кошуп жасай турган жерлер дагы болот.

– Ооба, колубузду кесип албай, абайлап иштейли, – деди Айканыш. – Клей жабышып калса жаман, чыкпай калат. Бир жолу манжаларым жабышып калып, апам араң чыгарып берген, – деп Тилек күлүп калды.



Чоӊ энесинин даамдуу токочу менен чай ичип, Айканыш менен Тилек эмне жасоо керектигин кызуу сүйлөшүп жатышты.

– Кел, короонун дубалын да боёп, сүрөт тартып коёбуз, – деди Айканыш Тилектин кулагына шыбырап...



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Бакытбек Джунусалиев
Сүрөтчү: Эмилия Алахунова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли